КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө

Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө системалуу өз ара байланышты жана өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга багытталган мамлекеттик башкаруунун интеграцияланган жана натыйжага багытталган системасын түзүү, жогорку билим берүү, илимий жана инновациялык иштер чөйрөсүндө башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, жаш окумуштуулардын илимий-изилдөө жана инновациялык иштерге катышуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин базасында төмөнкүлөр түзүлсүн:

1) мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүү, баштапкы кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү функцияларды жүктөө менен Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги;

2) илимий, илимий-техникалык жана инновациялык иш, орто, жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү, интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү функцияларды жүктөө менен Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссия болуп кайра түзүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы № 114 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 5-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 425 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1-пунктта:

– он жетинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги;";

– төмөнкүдөй мазмундагы он сегизинчи абзац менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги;".

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө:

1) белгиленген министрликтердин жоболорун жана башкаруу схемаларын бекитсин;

2) окумуштуулук даражаларды ыйгаруу жана окумуштуулук наамдарды берүү маселелерин жөнгө салуучу, төмөнкүлөргө багытталган чараларды караган тиешелүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алсын:

– кайталанма жол-жоболорду жана органдарды (кеңештерди) жоюуну, ошондой эле окумуштуулук даражаларды ыйгарууда жана окумуштуулук наамдарды берүүдө тиешелүү техникалык жол-жоболорду бюрократиядан арылтууну;

– ашыкча позицияларды алып салуунун эсебинен багыттарды (шифрлерди) ирилештирүү аркылуу илимий адистиктердин номенклатурасын оптималдаштырууну;

– тиешелүү дүйнөлүк рейтингдерге кирген чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары тарабынан берилген PhD даражасын ыйгаруу тууралуу дипломдорду жөнөкөйлөтүп таануу жана/же теңештирүү, анын ичинде чет өлкөлүк илимий даражаларды жана наамдарды алган жаш окумуштуулардын илимий жана инновациялык иштин ата мекендик чөйрөлөрүнө жана системаларына тартылуу потенциалын жогорулатуу үчүн механизмдерди түзүүнү;

3) өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

4) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Н. Жапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

## ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О повышении эффективности государственного управления в сфере науки, образования, инноваций и интеллектуальной собственности**

В целях формирования интегрированной и ориентированной на результат системы государственного управления в сфере науки, образования, инноваций и интеллектуальной собственности, направленной на обеспечение системной взаимосвязи и взаимодействия, повышения эффективности администрирования в сфере высшего образования, научной и инновационной деятельности, расширения возможностей участия молодых ученых в научно-исследовательской и инновационной деятельности, руководствуясь статьями 66, 70, 71 Конституции Кыргызской Республики, **постановляю:**

1. Образовать на базе Министерства образования и науки Кыргызской Республики и Государственного агентства интеллектуальной собственности и инноваций при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

1) Министерство просвещения Кыргызской Республики, с возложением функций в сфере дошкольного, начального, основного и среднего общего образования, начального профессионального образования;

2) Министерство науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики, с возложением функций в сфере научной, научно-технической и инновационной деятельности, среднего, высшего и послевузовского профессионального образования, интеллектуальной собственности.

2. Преобразовать Национальную аттестационную комиссию при Президенте Кыргызской Республики в Высшую аттестационную

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

комиссию при Министерстве науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики.

3. Внести в Указ Президента Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» от 5 мая 2021 года № 114 следующее изменение:

– абзац третий пункта 5 признать утратившим силу.

4. Внести в Указ Президента Кыргызской Республики «О структуре и составе Кабинета Министров Кыргызской Республики» от 12 октября 2021 года № 425 следующие изменения:

в пункте 1:

– абзац семнадцатый изложить в следующей редакции:

«– Министерство просвещения Кыргызской Республики;»;

– дополнить абзацем восемнадцатым следующего содержания:

«– Министерство науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики;».

5. Кабинету Министров Кыргызской Республики в двухмесячный срок:

1) утвердить положения и схемы управления обозначенных министерств;

2) принять соответствующие нормативные правовые акты, регулирующие вопросы присуждения ученых степеней и присвоения ученых званий, предусматривающие меры, направленные на:

– исключение дублирующих процедур и органов (советов), а также дебюрократизацию соответствующих технических процедур при присуждении ученых степеней и присвоении ученых званий;

– оптимизацию номенклатуры научных специальностей через укрупнение направлений (шифров) за счет исключения избыточных позиций;

– создание механизмов упрощенного признания и/или приравнивания дипломов о присуждении степени PhD, выданных зарубежными высшими учебными заведениями, входящими в соответствующие мировые рейтинги, в том числе для повышения потенциала вовлеченности молодых ученых, получивших зарубежные научные степени и звания, в отечественные сферы и системы научной и инновационной деятельности;

3) привести свои решения в соответствие с настоящим Указом;

4) принять иные меры, вытекающие из настоящего Указа.

6. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН